| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IV сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

2025-жылдын 30 - апрели, № 4/2 Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын Ылай-Талаа айылындагы № 23 контурундагы (0,40 га сугат айдоо) турган жалпы 0,40 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан мектепке чейинки билим берүү мекемесинин жаңы имаратын куруу үчүн “Калктуу конуш жерлери ” категориясына которууга (трансформациялоо) макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетини 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү” токтому менен бекитилген жобонун талаптарына ылайык Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү” токтому менен бекитилген жобонун талаптарына ылайык Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн аймагында ишке ашырылсын.

2. Ылай-Талаа айыл аймагынын Ылай-Талаа айылындагы № 23 контурунда (0,40 га сугат айдоо) турган жалпы 0,40 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан мектепке чейинки билим берүү мекемесинин жаңы имаратын куруу үчүн “Калктуу конуш жерлери ” категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берет.

3.Тиешелүү иш-кагаздарын даярдап берүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевге тапшырылсын.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**